## Биология

## PISAга багытталган тест

## 6 – класс

<table>
<tr>
<td colspan="1">Оң тараптагы текстти окуп чыккыла.<br>Тексттин алдындагы сүрөткө көңүл бургула. Берилген маалыматтарга таянып жооп бергиле.<br>1-суроо: Сүмөлөк жасоого пайдаланылуучу буудайдын өнүшүнүн алгачкы этабында кандай шарттар керек?<br>Бардык туура жоопторду белгилегиле:<br>А) нымдуулук<br>Б) аба<br>В) минералдык заттар<br>Г) топурак</td>
<td colspan="2">Нооруз майрамындагы “Сүмөлөк”<br><br>Кыргыз эли жаз келип, күн-түн теңелгенде НООРУЗ майрамын майрамдашат. Бул майрамдын негизги салттуу тамагы “сүмөлөк”. Сүмөлөктү жасоо үчүн алгач буудайдын данын өндүрүш керек. Качан гана өнгөн буудай жарым карыштай болгондо, аны майдалашат. Абдан эзилген буудайга суу куюлуп, казанга салышат да, от жагып түнү менен сүмөлөктү бышырышат. Ошондо гана таттуу, кочкул өңдөгү “сүмөлөк” даяр болот.<br><br></td>
</tr>
<tr>
<td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөсү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү</li><li>Контекст: жергиликтүү</li><li>Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)</li><li>Жооптун форматы: бир нече туура жооптуу</li><li>Максималдуу упай: 2</li></ul>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</td>
<td colspan="2">Баалоо системасы</td>
</tr>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: 12 (АБ)</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Туура жооптун бирөө гана белгиленсе</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок же эки жооптун бири туура, экинчиси туура эмес болсо</td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла.<br>Төмөнкү суроонун жоопторун “Жооп” деген мамычага тамгаларды орун тартиби туура болгудай кылып жайгаштыргыла (бир чакмакка бир гана тамга жазылат)<br>2-суроо: Өнүп жаткан буудай жылуулукту кантип бөлүп чыгарып жатат?<br>Үрөндүн өнүшүндө жылуулуктун бөлүнүп чыгышын шарттаган өзгөрүүлөрдүн туура ирреттүүлүгүн түзгүлө:<br>А) кант кычкылданат<br>Б) сууну сиңирип алат<br>В) урук көбөт<br>Г) крахмал кантка ажырайт<br>Жооп:<br>Б | В | Г | А</td>
<td>Нооруз майрамындагы “Сүмөлөк”<br><br>Сүмөлөккө арнап өндүрүп жаткан буудайга (үрөнгө) колду жакындатып алып барсак, ал абдан жылуу болот.</td>
</tr>
<tr>
<td>Тапшырманын мүнөздөмөсү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын колдонуу</li><li>Контекст: жеке</li><li>Тапшырманын татаалдык деңгээли: жогорку (креативдүү)</li><li>Жооптун форматы: туура ырааттулукка келтирүү</li><li>Максималдуу упай: 2</li><li>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</li></ul></td>
<td>Баалоо системасы
<table>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: 2341(БВГА)</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Бардык абалдагы ырааттуу эки туура жооп тандалса</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
</table></td>
</tr>
</table>

<table>
<tr><td>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла жана суроонун туура жообун тандагыла.<br>3-суроо: Мунун себебин кандайча түшүндүрүүгө болот?<br>I. Буудайдын даны өнө баштаганда андагы крахмал глюкозага (кантка) айланат.<br>II. Буудайдын өнгөн данында фотосинтез процесси жүрүп, глюкоза (кант) пайда болот.<br>Жогорудагы тастыктоолордун туурасы барбы?<br>Бир гана туура жоопту тандагыла:<br>А) биринчиси гана туура<br>Б) экинчиси гана туура<br>В) экөө тең туура<br>Г) экөө тең туура эмес</td><td colspan="2">Нооруз майрамындагы “Сүмөлөк”<br><br>Негизи сүмөлөккө шекер, бал өңдүү таттуулар кошулбайт. Бирок, сүмөлөк даяр болуп, бышканда ал таттуу болот. Себеби, азык жасалуучу буудайдын өнгөн данын даамдап көрсөң, ал таттуу.</td></tr>
<tr><td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөсү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын колдонуу</li><li>Контекст: жеке</li><li>Тапшырманын татаалдык деңгээли: жогорку (креативдүү)</li><li>Жооптун форматы: бир туура жооптуу</li><li>Максималдуу упай: 2</li><li>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</li></ul></td><td colspan="2">Баалоо системасы</td></tr>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: 1 (А)</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
<tr><td></td><td></td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла.<br>Тексттин алдындагы сүрөткө</td><td>Нооруз майрамындагы “Сүмөлөк”</td></tr>
</table>

*көңүл бургула. Берилген маалыматтарга таянып, бардык туура жоопторду белгилегиле.*

**4-суроо:** Сенин оюңча, эми 2-3 күндөн соң окуучулардын эки тобу кандай натыйжага ээ болушат?


**А) биринчи топтун буудайы өнөт**

**Б) экинчи топтун буудайы өнбөйт**

В) эки топтун тең буудайы өнүп чыгат

Г) экинчи топтун будайынын өнүмү күчтүү болот

6-класстын окуучулары жаз майрамы НООРУЗду утурлай, сүмөлөк жасоону чечишти. Алар адегенде буудай өндүрүү керек экендигин окушкан соң, эки тайпага бөлүнүп




буудайдын данын мыкты өндүрүү үчүн жарышка түшүштү.

Окуучулардын биринчи тобу уруктарды нымдап жылуу жерге коюшту, ал эми экинчи топ буудайдын данына көмө суу куюп туруп, алар да жылуу бөлмөгө жайгаштырышты.

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын колдонуу
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орто (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: бир нече туура жооптуу
- Максималдуу упай: 2
- Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу


**Баалоо системасы**

| Упай | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Туура жооп 12 (АБ) |
| 1 | Туура жооптун бирөө гана белгиленсе |
| 0 | Башка жооптор же жооп жок же эки жооптун бири туура, экинчиси туура эмес болсо |

***4-тапшырмада берген жоопторуңарды тастыктагыла.***

**5-суроо:** Эмне себептен 4-

**Нооруз майрамындагы “Сүмөлөк”**

<table>
<tr>
<td>суроодо мындай жоопторду тандап алдың, себебин түшүндүргүлө:<br>______________________________<br>______________________________<br>_______<br>______________________________<br>___</td>
<td>6-класстын окуучулары жаз майрамы НООРУЗду утурлай, сүмөлөк жасоону чечишти. Алар адегенде буудай өндүрүү керек экендигин окушкан соң, эки тайпага бөлүнүп<br><br><br>буудайдын данын мыкты өндүрүү үчүн жарышка түшүштү.<br><br>Окуучулардын биринчи тобу уруктарды нымдап жылуу жерге коюшту, ал эми экинчи топ буудайдын данына көмө суу куюп туруп, алар да жылуу бөлмөгө жайгаштырышты.</td>
</tr>
<tr>
<td>Тапшырманын мүнөздөмөсү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын колдонуу</li><li>Контекст: жеке</li><li>Тапшырманын татаалдык деңгээли: орто (продуктивдүү)</li><li>Жооптун форматы: кенен(толук) жооп берүү</li><li>Максималдуу упай: 2</li><li>Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу</li></ul></td>
<td>Баалоо системасы
<table>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: 1-топтун буудайы өнөт, себеби, үрөн өнүш үчүн суу, аба, жылуулук жетиштүү. 2-топтун буудайы өнбөйт, себеби үрөнгө суу жана жылуулук жетиштүү болгону менен аба жок (суу сүрүп чыгарып салды).</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Биринчи топтун буудайы дем алат, экинчи топтун буудайы дем албайт же пробиркасында суу абдан көп деп жооп берип, бирок, себеби жазылбаса</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
</table></td>
</tr>
</table>